**“МЕКЕНИМДИ КАРЕГИМДЕЙ САКТАЙМЫН”**

*5-7 класстар үчүн класстык саат*

*“Патриоттуулук” – бул Ата Мекенине чын дили менен кызмат кылуу, анын кызыкчылыгы үчүн жан аябай күрөшүү.*



| Сабактын максаттары | | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|
| ***Билим берүүчүлүк*** | Окуучуларга Ата Мекенди сүйүүгө жана ата журту менен сыймыктанууга тарбиялоо | Окуучулар Ата Мекенди сактоо жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ болушат. Окуучулардын патриоттулук тууралуу түшүнүктөрү кеңеет. |
| ***Өнүктүрүүчүлүк*** | Мекен алдындагы алардын жоопкерчилигин арттыруу, атуулдук парзын аткаруу, ата мурастарын сактоо зарылдыгын туюндуруу. Улут аралык достук биримдик, тынчтык – мекенибиздин өнүгүшүнүн негизги шарты экендигин окуучулардын аң-сезимине жеткирүү. Ата Мекенди, патриоттулукту чагылдырган ырлар аркылуу окуучулардын аң-сезимин ойготуу. | Жеке кызыкчылыктан жалпы кызыкчылыкты жогору коё билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болушат. Окуучулар кыргыз жери улуттун жүзү тууралуу түшүнүшөт. Окуучулардын патриоттулук жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдейт. |
| ***Тарбиялык*** | Окуучуларды патриоттулукка, намыскөйлүккө, ынтымак-достукка, эмгекчилдикке, кең пейилдикке, ж.б. асыл сапаттарга тарбиялоо. | Алган билимдерин турмушта пайдалана билүүгө тарбияланат. Окуучулар Ата Мекенди коргоого, аяр сактоого тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:** Сабак максатына жеткен болуп эсептелет, эгерде:

1. Окуучулардын Ата Мекендин баалулугу жөнүндөгү түшүнүктөрү тереңдесе.
2. Окуучулар Мекендин коздугун сезе билүүгө, баалай билүүгө үйрөнүшсө.

3. Өз өлкөсүнүн келечекте өнүгүшү үчүн Мекенине өзүнүн салым кошуусу зарыл экенин сезишсе.

**Сабактын тиби:** чыгармачылык бышыктоо.
**Сабактын формасы:** аралаш сабак.
**Сабактын методу:** Маалымат берүү, тушүндүрүү, аңгемелешүү, практикалык.
**Сабактын жабдылышы:** Кыргыз Республикасынын картасы, Кыргызстандын Герби, Туусу, сүрөттөр, проектор, ноутбук, слайддар, музыка.

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу** (класста жагымдуу жагдай түзүү).

- Балдар, бүгүнкү "Мекенимди карегиндей сактаймын" аттуу
класстык саатта патриоттуулук жөнүндө эмне билесиңер, аны кандай түшүнөсүңөр?

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

Балдар 1,2 мамычаны толтурушат.

Магнитофондон акылман атанын үнү угулат: – Уккун, балам! Байыркыдан калган улама сөз: «Асыл – таштан, акыл – жаштан», Ата журтуңду сакта, кутман элиңди баркта. Бул улукман кептер кулагыңа күмүш сырга болсун!

***Андан соң акылман эненин үнү угулат:*** – Каралдым, балам, Баба сөзүн тыңда, Ата салтын, Ата мурасын сакта. Эне адебин баркта. Улууну урматта, кичүүнү ызатта. Акылман бол, берешен бол, Айкөл бол! Сабырдуу бол, Кайрымдуу бол, Эсен бол! «Манас», «Манастай» алп дастанды жараткан эне тилибиз, боз үйүбүз, комузубуз, ак калпак, ак элечегибиз – укумдан-тукумга берилип келе жаткан баа жеткис, касиеттүү тумарыбыз – баарынан ыйык. Өткөндөрдөн калган ыйыктарыбыз силер үчүн көөнөрбөс мурас, эскирбес мүлк, бөксөрбөс кенч болсун!

***Акылман ата:*** Ата-бабаң өткөн жериңди сүй, түптүү кыргыз элиңди сүй. Элиң сүйлөгөн эне тилиңди сүй, Ата Мекенге, элге, эне тилге Кошой, Бакай, Манас атаңдай күй!

**Мугалим:** Балдар, мына баарыбыз акылга дыйкан акылман атабыздын, мээрими көлдөй энебиздин баасыз кеп-кеңешин уктук. Бул айтылгандарды жүрөктүн түпкүрүнө сактап, чын дилден аткаруу баарыбыздын парзыбыз.

Мен сыймыктанам
Атабыз Манас эр менен,
Ак калпактуу тоо менен,
Ажайып кооз жер менен,
Суйкайган сулуу көл менен.
Баа жеткис каада-салт менен,
Сыймыктанып келебиз,
Көп улуттуу эл менен!

Балдар, биз бүгүнкү сабагыбызда **"Мекенимди карегимдей сактаймын"** жөнүндө азыноолак сөз кылабыз. Бул тема – мындан ары да биздин ар бир сабагыбызда сөз боло бере турган улуу тема. Жакшы окуп, жакшы жүрүшүңөр – Ата журтка, кыргыз элине кошкон үлүшүңөр! – деп айткым келет. Силер Ата Мекениңердин келечеги, үмүтү, ишеничи экениңерди унутпагыла! Ата журтту, кыргызды, ата мурасты коргоп, сактап, өмүр берүү – баарыбыздын ыйык парзыбыз!

- Балдар "патриот" деген сөз кайдан келип чыккан? Мен силерге айтып берейин.

Бул сөз грек тилинен келген, кыргыз тилине которгондо "патрис" – "Ата Мекен".

Мекенди сүйүү деген түшүнүктөр ар бир жаш муундардын жүрөгүнөн түнөк табылышы керек. Анткени, бул сөз бардыгыбыз үчүн өзгөчө кымбат. Мекен – бул ар кимдин киндик кан тамган жери гана эмес ал учу кыйырына көз жетпеген ажайып керемет өлкөбүз – кыргыз

жери. Мекен деген аялуу сезим дайыма адамдардын жүрөгүнүн түпкүрүнөң орун алып, Ата мекен деген касиеттүү эки сөз биздин сезимде ажырагыс байланышта турганы бекеринен эмес. Эл башына күн түшүп, оор сыноо келген учурда адамдар салгылашууга, мекен үчүн, Ата-Журт үчүн деп келишкени белгилүү. Биз мекендин 2000 жылдан ашык мезгил ичиндеги тарыхын өткөндөгү баатырлык иштерин, эркиндик үчүн күрөшкөн баатырлары менен жоокерлерин улуу данышмандары менен жаңы коомду жараткан уул кыздарын эч качан унутпайбыз. Ар бир адам өз өмүрү жана эмгеги менен мекендин тагдырына из калтырып кетет. **Мекенге карата болгон сүйүү, мамлекеттик тилинде сүйлөө жана сыйлоо, мекенинин өнүгүшүнө салым кошуу жана өркүндөтүү, мекенинин жетишкендиктери менен сыймыктануу патриотизм деп аталат.** Ушул сапаттарга ээ болгон адамды патриот дейбиз.

Өз учурунда патриот бул – Ата Мекен эл-жери жөнүндө гана кооз сөздөрдү сүйлөө гана эмес, ал жеке керт башынын камын гана ойлобостон, кыйынчылыктарды чечилбеген маселелерди көрүп туруп кабагым кашым дебестен, бардык күч-кубатын жумшап, ошол кыйынчылыктарды чечүү үчүн аракет кылган адам. Бир сөз менен айтканда өз Ата Мекенине, өз элине берилгендик, аларды чексиз сүйүү, ал үчүн ар кандай баатырдыкка, курман болууга даяр тургандык. Мына ошол чыныгы патриоттуулук.

Тилекке каршы, мекениң кыйын кырдаалда болуп турганда, патриот жарандарыбыз өз жерин коргоого туура келет.

Мына бүгүн кыргыз элибиздин башына өтө оор сыноодон өтүп жатат. 2022-жылдын 14-сентябрында Тажикистандын куралдуу күчтөрү Кыргыз Республикасынын Баткен областына кол салды. Азыр Баткен жергесинде кырдаал өтө оор. Биздин жоокерлерибиз атуулдук милдетин аткарып жатып, Ата Мекенин коргоо үчүн, кырчындай өмүрлөрү үзүлдү. Жоокерлерибиздин атуулдук сезимдери бийик болгондуктан, кайраттуулук менен эрдик көрсөтүштү.

- Балдар, силер патриот болуш үчүн кандай болушуңар керек?

*(Окуучулар мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жооп беришет. Мугалим алардын айткандарына толуктоо, кошумчалоолорду киргизип турса жакшы болот.)*

**Окуучулар:** Ооба. Биз азыр Ата Мекенди, кыргыз элинин улуулугун, кыргыз жеринин сулуулугун даңктаган ырлардан көркөм окуп беребиз.

***1-окуучу:*** Чоку болот тоолордун бийик жери,
Чокудай бол кыргыздын жигиттери.
Чок кармаган кол менен баатыр бол деп,
Чон атабыз үйрөткөн сени мени.
Толкун болот тоолордун бийик жери,
Толкундай бол кыргыздын жигиттери.
Токсон тогуз өнөрдүн ээси бол деп,
Тоолук эне үйрөткөн сени мени.

***2-окуучу:*** Булар кимдер – булар мекен сакчысы,
Булар кимдер – булар элдин бактысы.
Өз мекенин карегиндей сактаган,
Мекен коргоо кесиптердин мыктысы.

***3-окуучу:*** Тынчтык болсун мекенимде ар дайым!
Коргоочулар амандыгын каалаймын.
Душман көрбөй дүйнө менен теңдешип,
Узун болсун өмүрүнөр ар дайым.

***4-окуучу:*** Тоодо жашап сырын тарткан жылдыздын,
Мен уулумун таза кандуу кыргыздын.
Жигит болуп төрөлгөн соң ааламга,
Асабасын бийик кармайм кыргыздын.

***5-окуучу:*** Кармашканда кайрат берип утулуу
Беттеген жоо болбойт бизде кутулуу.

Кайра кайтпас өжөрлүк бар канымда,
Ал анткени биз Манастын тукуму.
***1-окуучу:*** Ата-Журтка тийсе экен деп керегим,
Ат жалында кызмат кылып келемин.
Ар адамга мекен деген ыйык сөз,
Сүтү менен кошо келет эненин.
***2-окуучу:*** Оо, Ала-Тоо сенсиң менин мекеним,
Башым ийип сага таазим этемин.
Өлгөнүмчө сени коргоп душмандан,
Өмүр бою кадырына жетемин.

**Мугалим:** Азаматтар. Ата Мекенди сүйүү, туулган жерди, элди, тилди, улуттук үрп-адаттарга байыр болуу менен көздүн карегиндей сактоо. Кыргыз элибизде тээ алмусткатан бери бар.

- Балдар, силер өз мекениңер үчүн кандай иштерди аткарасыңар, өнүгүшүнө кандай салымыңарды кошосуңар? Оюңарды жазып бергиле. Ал ыр, эссе, инсценировка болушу мүмкүн. Берилген сүрөттөрдү жана ата-бабалардан калган сөздөрүн колдонгула.



"Эр жигит эл четинде, жоо бетинде"
2. «Мекенсиз адам – үнсүз булбул».
3. Баатыр элден чыгат, алтын жерден чыгат".





*Балдар тапшырманы аткарышат, жоопторун беришет.*

**Жыйынтыктоо:**

Балдар, биз бүгүнкү сабагыбызда**: “Мекенимди карегимдей сактаймын”** деген класстык саатта көп нерсени билдик. Силер айтып бергилечи, эмнени билдиңер?

| Билем | Билгим келет | Билдим |
|---|---|---|
| | | |

Балдар 3-чү мамычаны толтурушат.

*Балдар айтып беришет.*

**Мугалим:** Тарыхтагы өткөн алааматтарды унутпайлы. Мурдагы ата-бабаларыбыз эли-жерин коргоп келген, азыр да коргоп жатат. Алардын адамдык өрнөгүнө, кийинки муунга калтырган сабагына, эрдигине таазим этебиз. Бул биз үчүн – оор сыноо. Андыктан Ата Мекенибизди коргойлу, азыркы реалдуулукка сергек мамиле кылалы.

**Үй тапшырма:** Мекенге кантип кызмат кыламын? ( Эссе жазуу).

Алымбаева Б.Б.,
КББАнын Тарбия, социалдаштыруу, жана мектептен сырткары
билим берүү лабораториясынын  жетектөөчү илимий кызматкери